# «ИДЕНТТҮҮЛҮК», «ИДЕНТТЕШҮҮ» - СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ИЛИМДЕРДИН ПАРАДИГМАЛЫК КАТЕГОРИЯСЫ

**ИСАЕВ К.**

*Кыргыз – Түрк “Манас” университети*
**УДК: 316.001.8**

***Аннотация:*** *“Окшоштук”, “бирдейлик”, “кимдик” деген улуттук түшүнүктөрдүн ордуна “иденттүүлүк” жана “иденттешүү” деген аныктамалар парадигмалык категория катары кыргыз социология илиминде кеңири колдонулуп, теориялык жана эмпирикалык ыкмалары аркылуу изилдөөлөр жүргүзүлө баштады. Макалада бул түшүнүктөрдүн илим айланпасына киргенден тартып азыркы ааламдашуу шартына чейинки түрдүү коомдодогу түрдүү маани-мазмуну, терең социалдык өзгөрүүлөр шартындагы иденттүүлүк, иденттешүү түшүнүктөрү социалдык-гуманитардык илимдердин парадигмалык категориясы катары талданган.*

***Аннотация:*** *Вместо понятий “окшоштук” (аналогия), “бирдейлик” (схожесть), “кимдик” (самоопределение) кыргызского языка в социологической литературе все шире применяется понятия “идентичность”, “идентификация” как парадигмальные категории, проводиться их исследования с использованием теоретических и эмпирических методов. В статье анализируются содержание и сущностьпонятий идентичность, идентификация как парадигмальные категории социально-гуманитарных наук, с момента входа в научный оборот до современного условия  условия глобализации и глубоких социальных преобразований.*

***Abstract:*** *Instead of concepts of "окшоштук" (analogy), "бирдейлик" (likeness), "кимдик" (self-determination) кыргызского language in sociological literature is all wider used concepts "identity", "authentication" as paradigmatic categories, conducted their researches with the use of theoretical and empiric methods. The article analyzes the content and nature of the concepts identity, identification as a paradigmatic category of social sciences and humanities, from the moment of included in a scientific turn to the modern condition  of condition of globalization and deep social transformations.*

***Урунтуу сөздөр:*** *иденттүүлүк, иденттешүү, жарандык идентүүлүк, ааламдашуу.*

***Ключевые слова:*** *идентичность, идентификация, гражданская идентичность, глобализация.*

***Ke ywords:*** *identity, identification, civic identity, globalization.*

I. «Иденттүүлүк» (идентичности) жана иденттешүү (идентификация) латын сөздөрү кыргыз тилинде «иденттүүлүк» - «окшоштук», «бирдейлик»; ал эми «иденттешүү» - окшоштуруу, окшотуу, окшошуу деген түшүнүктөр менен которулат. XX-кылымдын экинчи жарымында жана XXI-кылымдын башталышында булл түшүнүктөр жалпы психологияда, социалдык психологияда антропология, тарых илимдеринде жана кийин саясат таануда, социологияда эң кеңири колдонула башталды. Бул латын тилинен келген илимий категорияларды, кыргыз тилинде «иденттүүлүктү» -«өзгөрүүнүн» жана «өнүгүүнүн», ал эми иденттештирүүнү – саясаттын натыйжасы болгондуктан – өзгөрүүсүз эле колдонуу тура болот – деген пикирдебиз.

Америка Кошмо Штатында 2012-жылы «Иденттүүлүк» - боюнча жарыяланган «энциклопедиянын» «түзүлүштө» деген (бөлүмүндө бул түшүнүктү колдонуунун түрлөрү жана мейкиндиктери келтирилген).

1.Иденттүүлүк психологиялык талдоодо: Эгодон этикага;

2. Социалдык психологияда иденттүүлүккө социалдык мамиле;

3. Антропология илиминде иденттүүлүктүн келечеги: окшоштуктан айырмачылыкка;

4. Катташуунун, байланышуунун түрлөрүн талдоодо: карама-каршылык туутартышууда; генеологияны, баяндоону жана сүйлөшүүлөрдү талдоодо;

5. Пермативдик иденттүүлүктө: саясаттагы иденттүүлүк квир-теорияга өтүүдө;

6. Кооптуу, кыйын өзгөрүүлөр: колониялыктан кийинки келечекти, баш ийүүчүлүктү жана маданий өзүнчөлүктөрдү изилдөөдө;

7.Жаңы эпистомологияны: иденттүүлүк чындыкка атангандан кийинки мамиле. (1.The SAGEH and book of IDENTITIESPG.27)

Ошентип, иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү XX кылымдын аягында жашоо-тиричиликтин бардык чөйрөсүндө жана социология илиминде эң кеңири колдонула баштаган. Бирок, ошол эле учурда иденттүүлүк жана иденттешүү маселелери “катуу каатчылыкка учурады”. Мындай абалдын калыптанышынын тарыхый, социалдык жана саясый себептери болгон. Кийинки кездерде жарыяланган гуманитардык – социалдык илимий жарыялоолордо ааламдашуунун терс жактары, атап айтканда батыш цивилинин каатчылыгы, советтик империя баш болгон социалисттик лагердин тарашы, араб дүйнөсүндөгү (Ливия, Египет, Сирия ж.б.) ар кандай деңгээлдеги каршылашуулар жана постсоветтик мамлекеттердеги жарандык, улуттук, этностук, маданий иденттешүүнүн жигерделиши, себептери, абалы, келечеги сыяктуу маселелер өтө маанилүү болууда. Демек, азыркы дүйнө ар кандай парадигмалык чыр-чатактар, жаңжалдар, келише албастыктар менен жык толгон.

II. Батыш цивилинин жана иденттешүүсүнүн кризиси XX кылымда эле башталып, XXI-кылымда уланууда. 1918-жылы жарыяланган Германиянын белгилүү ойчулу, философу Освальд Шпенглердин “Европа батууда [20], *Дүйнөлүк тарыхтын морфологиясынын очерктери*” 1) деген 2 томдон турган атактуу китеби Европанын маданиятынын батып (күүгүмдөп) баратканын эң биринчилерден болуп, тарыхый, философиялык, социалдык ой толгоолор менен өтө ишенимдүү далилдеген эле [Освальд Шпенглер, 2].

Өткөн XX кылымда адамзат ар кандай тилдердеги жана түрдүү диндердеги элдерди мажбурлаган үч дүйнөлүк согуштарды башынан өткөрүштү. Алардын ар бири дүйнөлүк кудуреттүү империялардын талкаланышы менен аяктады: биринчи дүйнөлүк согуш Россия, Австро-Венгрия жана Оттоман империяларынын, экинчи дүйнөлүк согуш миң жылдык өмүрү болгон рейхтин – Германиянын, Британдык жана Япония империяларынын жана үчүнчү дүйнөлүк (башкача айтканда “кансыз согуш”) Советтик империянын жана социалисттик түзүлүштүн кыйрашы менен аяктаган. Натыйжада СССР ордуна 16 жаңы улуттук мамлекеттер пайда болуп, ар бири өз алдынча эл аралык статуска ээ болушуп Бириккен Улуттук Уюмдун мүчөсү болуу менен эл аралык саясаттын объектисине айланышты.

Жаңы кылымдын келиши төртүнчү дүйнөлүк согуштун цивилдик (цивилизациялык) – тактап айтканда Батыштын евро-атлантикалык цивилинин “экинчи” жана “үчүнчү” дүйнөлөрдүн цивилдерине каршы согушу. Бул мурунку - 1, 2, 3 –дүйнөлүк согуштарга салыштырганда – адамдарды өлтүрүүчү курал – жарактарды (эгерде жер-жерлерде курал колдонуу менен болуп жаткан жердик согуштарды эске албаганда) колдонбостон тынчтык жолу менен жүрүп жаткан согуштар. Бул дүйнөлүк согуштар “маданий – маалыматтык” мүнөздө, бирок элдешкис маанайда болууда. XXI-кылымдын башталышында тынчтык жол менен «маданий-маалыматтык» согуштун жүрүшүндө жер жүзүндө калыптанып жаткан жагдайда байкасак батыштын жеңилүүсү менен, башкача айтканда жөн эле кезектеги империянын өлүшү менен эле эмес, тескерисинче бүтүндөй евро-атлантикалык цивилинин өлүшү менен аякташы мүмкүн экендигинде. Батыш цивилинин өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнүн түгөнүп бартканын далилдеген толгон-токой терс дааналыктар катталууда. Алар: бала төрөлүүнүн кескин азайышы; демографиялык абалдын терс көрүнүштөрү; жаратылыштын мыйзамын бузуп, эркек менен эркек, аял менен аял үй-бүлөө куруп, тукум курут болушу менен; батыштык өнүккөн өлкөлөрүнүн цивилдик кейиптерин өзгөртө турган башка маданияттардын ээлери болгон сырткы мигранттардын өтө көбөйүшү; терроризмдин жөрмөлөп тарашы; ислам дүйнөсүндөгүмодернештирүү (өзгөртүү)долбоорлорунун натыйжасыздыгы ж.б. жогоруда саналган батыш европа

цивилинин өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнүн түгөнүп баратканын айрым гана көрүнүп турган процесстери келтирилди. Мунун баары албетте, батыштыктардын өзүлөрүнүн жападан жалгыз өнүгүү жолундагы коомду каӊ-сезимине бүлүк салары толук түшүнүктүү. Бирок, “күтүлгөн кыйроонун” болушун алдын-ала сезген батыштын философторунун, социалдык ойчулдарынын эмгектеринде ачыктан-ачык эле чечмеленүүдө: Мисалы Ф. Фукуяманын “Тарыхтын бүтүшү жана акыркы адам” [Фукуяма,3] И. Валлерстайндын “Батыш дүйнөнүн бүтүшү XXI-кылымдын социологиясы” [И. Валлерстайн, 4], Самюэль Хантингтондун “Цивилдер кагылышуусу” [С. Хантингтон, 5], Пол Кеннединин “Жыйырма биринчи кылымга кирүүдө” [Пол Кеннеди, 6] “Күтүлгөн кыйроону” батыштын ашынган ойчулдары эле эмес, саясатчылары да сезүүдө. Мисалы, АКШынын белгилүү саясый кызматкери, Никсон, Рейган Президенттердин кеӊешчиси, 1992 жана 1996-жылдары Республика партиясынан АКШнын Президентине кандидат болгон Патрин Дж. Б. Бьюкенен “Батыштын өлүмү” деген китебинде [П. Дж. Бьюкенен, 7] жүздөгөн жылдар бою адамзаттык кейиптин аныктап келген Европа деген феномен жер жүзүнөн чын эле жок болуп кетеби деген XX-кылымдын тагдыр чечээр суроосуна жооп издеген.

Батыштын келечек тагдыры, анын дүйнөлүк гегемониясы адамзатка эмнелерди алып келээри жөнүндө батыштын тарыхын, ички дүйнөсүн мыкты билген жана тыкан изилдеген XX кылымдагы орустун улуу жазуучусу, философу, социологу, А.А. Зиновьев, “Батыш” деген белгилүү энциклопедиялык эмгегинин корутундусунда адамзаттын XXI-кылымдагы эволюциялык жүрүштөрү бүт “батышташтыруу”, “америкалаштыруу” жана “ааламдаштыруу” менен мүнөздөлөт. Адамзаттын XXI – кылымдагы тарыхы мына ушулар менен толтурулат. Бул тарых өзүнүн каран түн, оор кайгылуу трагедиялуулугу менен адамзат үчүн өткөн трагедиялардан да алда канча күчтүү жана кайгылуу болчудай жана болуп калды деп корутундулаган [А. Зиновьев, 8].

Батыш цивилинин экономикалык, социалдык теӊсиздикти, жакырчылыкты, жардылыкты, акыйкатсыздыкты жылдан жылга тереӊдеши уланууда. Мисалы өнүккөн капиталиссттик мамлекеттерде жер шарынын калкынын 26% жашап, өндүрүлгөн товарлык энергиянын - 80% жасалган кагаздын - 85%, болоттун - 79%, башка материалдардын - 86% пайдаланышат. БУУнун өнүгүү жана соода боюнча өткөрүлгөн конференциясында белгиленгендей, жер шаарында жашаган 20%эӊ байлар менен 20% эӊ кедейлердин киши башына эсептеген кирешелери 1965-жылы 30 эсе айырмаланса, ал эми 2000-жылы бул айырма 75% эсеге көбөйгөн. Бул байлыкка эсирген умтулуу адам коомун эле эмес, табигатты кошо талкалоого аракет уламдан-улам күчөөдө. Демек, мактанган батыштын ааламдашуу шартындагы монетарлык империализми жылдан-жылга ачыктан-ачык эле чирип баратат.

III. АКШ баштаган Батыштын аракети менен жер жүзүнүн алтыдан бир бөлүгүн ээлеген СССР империясы баш болгон дүйнөлүк социалисттик лагерь XX кылымдын 90-жылдарында бир да ок атылбастан тарады, Европада жана мурунку СССРдин аймагында азаттыктагы улуттук мамлекеттер пайда болуп, ар бири эркин азаттыкта **иденттүүлүктөгү** жана **иденттешкен** коомдорго умтулуубашталды. Европадагы социализмдин ыдырашы менен азаттыкка аттанган Балтика боюндагы Литва, Латвия, Эстония, анан Польша, Венгрия сыяктуу мамлекеттери Европалык Кеӊешке мүчө болуу менен евро-атлантикалык цивилге ылдамыраак кирүүгө аракеттенишүүдө. Алар өзүлөрүнүн саясаттары менен эски дүйнө деп таптакыр жана кайра келгис болуп, ажырашууну көздөгөн. Бирок, эски дүйнө менен коштошуу деген жаӊы дүйнөнүн ажырагыс бөлүгү болуп калуу деген эмес экен. Көрсө европалык ойчулдардын пикири боюнча азыркы Батыштын баалуулуктары негизинен салттуулукка каршы, христиандык эмес, ал турмак маданиятсыздык мүнөздө болуп калган экен [О. Неменский,9].

Постсоветтик дүйнөдө иденттүүлүктүн каатчылыгы (кризиси) – СССРдин мурунку союздук республикаларынын көпчүлүгүндө солчул жана оӊчул либералдык мамлекеттерде негизги саясый идеялардын ишке ашпаганы менен күчөдү. Мындай шартта

коомдук аӊ-сезимде чечкиндүүлүк жана чыгымчылык күчөйт. Мунун өзү кеӊири деӊгээлдеги аркандай чыр-чатактардын, кагылышуулардын, кризистердин, "түстүү ыӊкылаптардын" негизи болот. Натыйжада , СССРдин тараганынан бери 20-25 жыл өтө элегинде эле калктардын дээрлик көпчүлүгү совет доорунун идентификациялык түсмөрүнө кайрылышууда.

Албетте, иденттүүлүктүн каатчылыгы анын алып жүрүүчүлөрү үчүн өтө эмоциалуулугуна карабастан, көпчүлүк каатчылыктар сыяктуу эле иштемдүү мүнөзгө ээ. Батыштын иденттүүлүк жана иденттешүү боюнча көрүнүктүү адиси В. Хесленин пикири боюнчаар бир "жамаатчылык иденттешүүнүн" каатчылыгына карабастан, анын баарын эле жалаӊ терс баалай берген болбойт. Эгерде иденттүүлүктө каатчылык болбосо жарандарда, институттарда, мекемелерде өркүндөө болмок эмес, демек, иденттүүлүктүн каатчылыгынан качпастан аларды туура багытка буруу зарыл. Ал турмак, иденттүүлүктүн тереӊ каатчылыгын бардык учурда акыл-эстүү-эптүүлүк менен алдын алууга болот [Хесле В.,10]. Демек,Батыштын, АКШынын жана Россия федерациясынын окумуштуулары (психологдору, саясат таануучулары, философтору, социологдору) иденттүүлүк жана иденттешүү маселелерин, алардын теориялык жана ыкмалык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн жана аларды адам коомдорунун жаӊы сапаттык деӊгээлге жетишиндеги маани-маӊызын изилдешүүдө.

Иденттүүлүк-инсандын ошондой эле улуттун, калктын башкалардан айырмаланган же бирдейлигин сезе турган сапаттарынын, ишениминин, идеясынын жыйынтыгы. Инсандын же улуттун бул өзгөчө сапаттары, ишеними жана идеясы алардын маданиятына, тактап айтканда анын цивилинин деӊгээлине, өзгөчөлүгүнө тиешелүү. Иденттештирүүлүк - бул инсандын же улуттун цивилдүүлүгүнүн эл аралык деӊгээлге көтөрүлүшү. Канчалык цивилдүүлүк эл аралык деӊгээлге көтөрүлсө, ошончолук иденттүүлүк бекемделет. Иденттүүлүктөрдүн калыптанышына жана бекемделишине – атап айтканда өлкөлүк, жарандык, улуттук, этностук, маданий, диндик, саясый чөлкөмдүк - аталган иденттештирүүлөрдүн деӊгээлине коомдо үстөмдүк эткен идея, идеал баалуулуктар жана мамлекеттин саясаты, ошондой эле башкаруучу элитанын билим, каада-салт, символ, элес, көпчүлүк маалымат каражаттары аркылуу жүргүзгөн иш-чараларынын жыйынтыгына түздөн-түз көз каранды. Маселенин мындай коюлуп жатканынын тарыхый себептери бар. Анткени, салттуу коомдун жаӊы социалдык тартипти карай идентештирүүнүн жүрүшү негизги коомдук институттардын багыттарынын сакталышы жана өркүндөшү коркунучсуз, чыр-чатаксыз жарандык иденттештирүү саясаттарына жетишүүгө ишенич калыптандырат.

"Жарандык иденттүүлүк", "жарандык коом", "укуктук мамлекет", "адам укугу", "коомдук коркунучсуздук", "улуттук коопсуздук" жана "улуттук маданий - цивилдикиденттүүлүк", "руханий", "маданий-экологиялык цивил" деген түшүнүктөр XXI – кылымдын жаӊы маданий-тарыхий шартында пайда болушу толук ыктымал. Иденттештирүүнүн күчөшү менен ар бир азаттыктагы дүйнө элдеринин улуттук маданияты өнүгөт, цивилдүүлүктүн кубаты күчөйт. Ар бир элдин материалдык жана рухий байлыктары, аӊ-сезим, маданият, шаарлашуу жана жаӊылануу заманына жарашакебетелениши менен илимде, техника, технология өнүгүү жолундагы иденттештирүүнүн жаӊы деӊгээлинин эл аралык деӊгээлге көтөрүлүшүн айгинелейт. Салттуулук, өзгөчө жаӊы калыптанган улуттук жарандуулуктун, маданияттын иденттүүлүгү, бирдиктүү мамлекеттүүлүгү күчөйт. Демек, акыл-эстүүлүк менен табигый жүргөн жана улуттук мамлекеттердин жана анын коомчулуктарынын иденттештирүү боюнча саясаттары цивилдердин жаӊы деӊгээлге көтөрүлүшүнө көмөктөшөт.

IV. XXI-кылым **Чыгыштын кылымы**. Анткени, дүйнө төөркөчтөнүп өнүгөт, евро-атлантика цивили бирканча кылымдар үстөмдү кэтип, эми чөгүү абалында. Ал эми **Чыгыш** - канатын күүлөп, цивилдик өнүгүүнүн жолуна түшүүдө. Жер жүзүнүн социалдык жаӊы турпатынын калыптанышына жана өзгөрүшүнө **Чыгыш азыртадан** эле омоктуу күч болгонубайкалууда. Чыгыш XXI кылымдын башталышында эле дүйнө

калкынын дээрлик теңинен көбүн түзөт, дүйнөлүк валюталык байлыктардын дээрлик көбүн ээлейт, табийгый кенбайлыктардын көлөмү, өнүүнүн ылдамдыгы, жаңы техника жана технология, компьютердик маалымат боюнчаЧыгыштын ишенимдүү басымдуулугу жер жүзүндө күчөй баштады. Эгерде XX кылымдын акыркы чейрегинде Япония баш болгон Тынч океанындагы аянты анча кеңири эмес мамлекеттер – Сингапур, Малазия, Таиланд, Түштүк Корея ж.б. экономикалык өнүгүүнүн, эл турмушунун оңолгондугунун кереметин көрсөтүп, "жолборстор" аталса, XXI - кылымдын башталышында алардын катарында Ыраакы Чыгыштан жолборстор мененбирге Кытай, Индонезия ал эми Жакынкы Чыгыштан Түркия, Иран, Ирак ж.б. 15 ар кандай деңгээлдеги улуттук мамлекеттер бирдиктүү Чыгыштын географиялык аймакты түзөт жана экономикалык, социалдык-саясый динамизми менен дүйнөлүк ааламдашуу жараянында Жакынкы Чгышөзүнүн татыктуу ордун ээлөө менен цивилдердин диалогунда бирдиктүү жана өз ара айкалышып өркүндөшүндө жаңы гуманитардык багыттарды ачаары толук мүмкүн. Анткени,бул кең аймакта ар кандайчыр-чатактарга карабастан, "жаңы биригүүлөр, маданият, социалдык топтор үчүн булак болгонун" карт тарых билет. XXI-кылымда бул жараяндардын ар тараптан ачылып гүлдөшүнө жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылышы толук мүмкүн. Анткени элде акылдуулук, билимдүүлүк, маданиятттуулук, сабырдуулук өкүм сүрүүдө, илим, техника, технология ар тараптан өркүндөөгө багытталган. Мунун баары Чыгыш өлкөлөрү иденттүүлүктүн жана иденттешүүнүн шарапаты менен бири-бирине жакындашып, цивилдик баарлашуунун жана ар тараптан өнүгүүнүн үлгүсүн көргөзүү менен жалпы калкына жашоо-турмуштун жогорку деңгээлин камсыз кылышы толук мүмкүн.

V. XX-кылымдынаягында согушсуз эле СССРдин тарашы менен пайда болгон азаттыктагы казак, кыргыз, өзүбек, тажик, түркмөн элдеринин ар бири заманбап, улуттук мамлекетти түптөөнүн жолунда дүйнөлүк ааламдашуу-цивилдик-ырасташуу багыттардын жүрүшүндө татыктуу улутчулдук кайталангыс мыкты сапаттары менен аймактык тарыхый ордун ээлөө аракеттери болууда. Албетте, Борбордук Азиялык бул мамлекеттер аркандай эл аралык жана аймактын экономикалык, интегралдык (ырасташуучулук), согуштук уюмдардын мүчөлөрү болуу менен өзүлөрүнүн улуттук кызыкчылыктарын коргоодо. Түрк тилдүү өлкөлөрдүн ичинен 75 миллиондон ашык калкы, 90жылдан ашык өз алдынча мамлекеттүүлүк салты бар Түркия Республикасы жаңы пайда болуп, өз алдынча телчиге баштаган, Борбордук Азиядагытүрк тилдүү мамлекеттери менен иденттүүлүк жана иденттешүүнүн негизинде интеграциялашууаракети болуп жатканы толук мыйзамдуу. Ошол элемаалда Борбордук Азия мамлекеттер өз алдынча өнүгүүнүн багыты, ылдамдыгы, сапаты ж.б. көрсөткүчтөр боюнча тымызын мелдешүү да бар. Бул толук табигый көрүнүш. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн мамилелеринде өтө ыраттуулук болбосо дагы, ар бир улуттарыхый эсти кайра жандандыруу аркылуужана жамааттык иденттешүүнүн чегинде "ким элек", "ким болуп калдык", "ким болгубуз келет?" деген суроолорго жооп издегендей. Ошол эле учурда адамдардын иденттешүүсү тамакка, кийимге, үйгө болгон негизги талаптардай эле муктаждык, ал эми иденттешүүгө болгон опузаны адам жана социалдык топ жеке коопсуздугуна тийгизген коркунуч катары кабыл алат. Адистердин пикири боюнча адамдын жашоо тиричилигинде эки талап, атап айтканда иденттешүүгө талап жана коопсуздугуна болгон талап – эң негизги талап катары бөлүнүп турат.

Борбордук Азия мамлекеттеринде постсоветтик коомдордогудай эле батышка жана ааламдашууга каршы пейил (терс мамиле) өтө кубаттуу. Өткөөл мезгилдин бүтүп баратканына карабастан иденттүүлүккө жана иденттешүүгө жаңы негизде ырастуу пикирдин калыптана электиги да кашкайган чындык. Инсан өткөлдүү идентешүүсүнүн мезгилине карабастан иденттешүүнүн жаңы негизине көнө элек жана түшүнө да элек. Натыйжада, постсоветтик мамлекеттердеги азыркы абал жана ошого жараша болуп жаткан макросоциалдык иденттүүлүктөрдүн каатчылыгынын натыйжасында кызыкчылыктардын кагылышуусу сыяктуу чыр-чатактар, жаңжалдар болууда. Жамаатчылык жана жеке иденттешүүнүн күчөшү менен коомдо, социалдык тутумдар

жаңы теориялык пикирлер пайда болот же мурунку, эски кубулуштар жөнүндөгү көз караштар өзгөрөт. Мындай шартты сезген жана ошого жараша коомдун өзгөрүшүнө кам көргөн жаңы интеллектуалдык аракет күчөйт жана ошого татыктуу лидерлер пайда болот. Бул пикирлерди айгинелеп турган тажрыйба. “Казакстан -2050 – стратегиясы: бир эл-бир өлкө - бир тагдыр” – деген ураан аркылуу “кеңпейилдик, айкөлдүк, сабырдуулук” касиеттер менен өлкөнүн туташтуу өнүгүүнүн негиздерин 2050-жылдарга чейин сунуштап, аны иштиктүү жетекчиликке алган Казак Республикасынын Президенти Нурсултан Назарбаев – XXI-кылымдын татыктуу лидерлик экенин көрсөтүүдө.

VI. Кыргызстандын азаттыкка аттанганы 24 жылга баратат, элдик социалдык ыңкылап (март 2005, апрель 2010 жылдар) эки президентти четке качырды, 9 жолу Конституция өзгөрдү, 6 жолуЖогорку Кеңеш шайланды, 11 жолу Өкмөт алмашты. Биринчи Президенттин тушунда (1990-2005ж.) батыштан жалданыпкелген “хитроумныйлардын” жардамы менен 6 жолу кыргыз мамлекетинин өнүгүү программалары, бир канча улуттук стратегиялар: үч жолу мамлекеттин идеологиясы (анын ичинде “Манастын 7 осуяты жана “Кыргыз Республикасынын идеологиялык программасы-келечек хартиясы”) кабыл алынып аткарылбай калган. Экинчи Президенттин тушунда (2005-2010- ж). Республиканын өнүгүү Программасы жана эки жолу мамлекеттик жана улуттук идеология – “Өркүндөөнүн уңгу нарктары” жана “Биримдик аркылуу өнүгүү, Кыргызстандын жалпы улуттук идеясы” деген мамлекетти кдокументтер иштелип чыгып, баары кагазда кала берген. Бирок, улуттук жолубуз жана тарыхый ордубуз тактала электигинен жана кыргыздардын мамлекеттүүлүгүн өркүндөтүүнүн маанилүүлүгү аткарылбагандыктан 2010-жылдын 6-7-апрелинде элдик социалдык ыңкылап болуп жаңы өкмөт курулган. 2010-жылдын 27-июнунда Кыргыз Республикасынын референдумунда кезектеги өзгөртүлгөн, “Укуктун үстөмдүгүн камсыздоо менен социалдык биримдикти, теңдикти, элдин экономикалык бакубатчылыгы менен жыргалчылыгын жана рухий өнүгүшүн өргөсүрөөгө умтулуп”... жаңы Конституция кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык мамлекет башчысы – Президент болуп АтамбаевА.Ш. жарандар тарабынан6 жылга шайланып, 2013-2017-жылдардын мезгилинде “Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы” сунушталды. Ушул, 2013-жылдын башталышына чейин “мамлекетти башкаруу өткөөл мезгилде турганын” эске алып, жакынкы беш жылда (2013-2017-жылдардын мезгилинде) Кыргызстандын алдында саясый түзүлүшү туруктуу болуп, экономикасы ыкчам өнүгүп бараткан жана калкынын кирешеси дайыма жогорулап жаткан демократиялуу мамлекет катары калыптандыруу милдети турат. “Туруктуу өнүктүрүү стратегиясы орто мөөнөттүү мезгилде өнүгүүнүн тышкы жана ички тобокелдиктерге кара таалдын алуу чечимдерин иштеп чыгуу жана узак мөөнөттүү келечекте туруктуу өнүктүрүүнүн негиздерин калыптандыруу үчүн багыт болуп калууга тийиш” [Улуттук стратегия,11] деп: “Мамлекет катары калыптануу”; “укуктук мамлекетти түзүү”; “элдин биримдиги, мамлекеттүүлүктү сактоо...”; “Социалдык милдеттер”; “курчап турган чөйрөнү... коргоо”; экономика, финансы тармактарын өнүктүрүү; сыяктуу тагдыр чечээр маселелерди жаратмандык беш жылда (2013-2017 жылдар)аткарыла турган маселелер чечмеленген [Улуттук стратегия, 11].

Чындыгында бул “улуттук стратегия” – жаңы Президенттинкеменгердикпланы, тилеген мүдөсү десек туура болчудай.

VII. Кыргыз эли укмуштуудай тарыхый доорлорду өткөргөн: Евразия кең мейкиндигинде көчмөндөр цивилин түзүп гүлдөткөн; улуу тарыхый кагандыктын автору катары – мамлекет курган, жер жүзүн дүңгүрөткөн кеменгерлердин (Манас, Атилла, Чыңгызхан, Аксак Темир-Темирлан ж.б.) армияларынын алдыңкы катарында болушкан, XIX-XX кылымдарда колониялык шартта жашап, өзүнүн улуттук жан дүйнөсүн, улуттук духун, эң көлөмдүү руханый байлыгын, Манасын сактап келген.

Ошентип, кыргызким эле, акыркы эки кылымда ким болупкалган? XX-кылымдын аягында Теңиримдин буйругу, тарыхтын тагдыры менен азаттыкка аттанып, өз алдынча эркиндиктеги улуттук мамлекеттүүлүккө жетти. Бирок, Чыгыш мамлекети катары өзүнүн улуттук жолуна түшө элек, тарыхый ордун тактап, ага максаттуу умтулуусу боло элек. Азаттыктын 24-жылында жашап жатсак да кыргыз мамлекетинин өнүгүүсүнүн жана өзгөрүүсүнүн улуттук жолу боло тургандыгын элестеткен лидер, элита эмдигиче боло электиги өтө армандуу...

2013-жылдын декабрь айында Республиканын Президенти А.Ш. Атамбаев "жаңы саясыйэлитаны калыптандыруу" зарылчылыгын айтты. Бирок, ал эмне үчүн кимдерден, кантип тарбияланат?" чечмелене элек.

Кыргыз коомчулугунда "Кыргыз кимболгон?", "Ким болуп калды", " Ким болуш керек" деген суроолор ар кандай деңгээлде талкууланып, аркандай жооптор сунушталууда. Мисалы 2010-2011-2012-жылдардын май, сентябрь-ноябрь айларында өткөрүлгөн Республикалык Улуу Курултайдын жыйындысы элибиздин улуттук кулкмүнөзүнө, табиятына, менталитетине ылайык "Өнүгүүнүн кыргыз жолу-дегендей" Багыттамасы жана Конституциянын долбоору коомчулуктун талкуусуна сунушталган [Багыттама,11]. Анда өзүбүздүн өрнөктүү жолубуз турса да бөлөк, өзгөчө батыштын элдерин ээрчип, алардын эрежеси менен жашап, адашып жатканыбыз илимий –турмуштук жетиштүү далилдер менен даярдалып жана кыргыз ким эле, ким болуп калды жана ким болуш керек? – дегенсуроолорго жооп сунушталган.

2013-жылдын 27-декабрында "Манас күчү-биригүү" ураанымен менен түп башаттан келаткан Улуу көчтү улап кыргыз элинин келечегине кайдыгер карабаган, улутчул-мекенчил багыттагы уюмдардын жетекчилери, аксакалдар, илимий- чыгармачыл интеллигенциянын өкүлдөрү жана жаштар чогулуп, канткенде биригебиз, кантип Кыргызстандын өзгөрүп-өнүгүшүнө салым кошобуз, качан сөздөн ишке өтөбүз деген маселелерди кабыргасынан коюп, "кыргыз жолу" биргелешкен коомун түзүштү. "Кыргыз жолу" биргелешкен коомун түзгөн юридикалык тараптар жана жеке инсандар өлкөбүздө Улут, Ата Журт, Өлкө деген бөлүнгүс үч ыйыктыкты туу тутуп, коомдо саясый туруктуулуктун, адилеттүүлүктүн орношуна салым кошуп, Кыргызстан өзгөрүп, ар тараптан өнүккөн, кубаттуу өлкөгө айланышы үчүн ынтымак, биримдик жана жигердүүлүк болгон мүмкүнчүлүктүн баарын жумшайтургандыктарын билдирип, коомдук уюмдар КРнын мыйзамдарынын негизинде, өздөрүнүн Устав-программаларына ылайык жана жеке инсандар карманган адамдык парасатына таянып, биргелешип иш жүргүзүү келишимин түзүштү. Бул элдик демилгенин аракети "2013-2017-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясынын" асыл максаттарына төп келишет жана жарандык коомдордун бийлик менен биргелешип иштеши, "алар менен өз ара аракеттенүү деңгээлине тикелей көз каранды экендигин так түшүнүү", ошондой эле "биз биргеликте алга карай ишенимдүү илгерилөө менен биргеликте өз максатыбызга жетебиз" [Стратегия, 12].

Бул келечектүү тилектерди логикалык жактан толуктаган өтө маанилүү документ, атап айтканда "Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы" учурдун талылуу маселелерине арналган. Бул маанилүү документте "мамлекет-улут", "мамлекеттик жаран","этностук-жаран" деген жаңы саясый-илимий түшүнүктөр менен бирге "көп түрдүүлүктөгү, анын ичинде этностук, маданий, тилдик, курактык жана коомдук турмуштун башка чөйрөлөрүндөгү биримдикти таануу", "Кыргызстан элинин тарыхый–маданий мурастарын, мамлекеттин тарыхын урматтоо, кылымдар бою калыптанган улуттук баалуулуктарды жана биримдиктин идеялдарын, этностордун өзгөчөлүктөрүн сактоо, маданияттар аралык диалогду жана толеранттуулукту өнүктүрүү; мамлекеттик кыргыз тилин бириктирүү ролун камсыз кылуу, жалпы жарандыкты калыптандыруу жана Кыргызстандын бардык этностордун мүчөлөрү кыргыз жараны сыймыктуу экендигин аңдап-түшүнүүсүн бекемдөө" – сыяктуу КыргызРеспубликсынын келечегине таасир этүүчү саясый-илимий

максаттар коюлган [Концепция, 13]. “Стратегия” жана “Концепцияда” коюлган азаттыктагы кыргыз мамлекетинин келечек-тагдыры жөнүндөгү татаал маселелер илимий иликтөөлөрдү талап этет. Дүйнөлүк психологиялык, социалдык, социологиялык жана башка илимдердин методологиялык жана методикалык жетишкендиктерин өзгөчө социалисттик лагер тарагандан кийин бизде кеңири белгилүү боло баштаган “иденттүүлүк” жана “иденттештүүлүк” боюнча изилдөөлөр бизге жардам берери бышык.

Кыргыз Республикасы азаттык алгандан баштап жогоруда аталган илимдердин жаңы теориялары жана ыкмалары колдонулган жарыялоолор пайда боло баштаган. Мисалы, “тарых жана иденттүүлүк Кыргыз Республикасынын мисалында” деген биринчи илимий эмгек - кыскача тарыхый очерк жана республика боюнча 2000 респондентти сурамжылоонун натыйжасында талдаган орус жана немец тилдеринде 2007-жжарыялаган [Абылгазиева А.К., 14].

“Көчмөндөрдүн этникалык иденттүүлүгү” деген социалдык-философиялык маанайда аткарылган эмгек (2009-ж жарыяланган) орус, англис тилдеринде жарыяланган эмгектердин негизинде – уруулук, этноаймактык, жалпы этникалык жана көчмөндөрдүн иденттүүлүгүнүн жана иденттешүүсүнүн түрлөрүн талдоого алган [А.К. Жусупбеков, 15]. Бул методологиялык изилдөөнүн автору Жусупбеков А. –философия илимдери боюнча доктордук даражаны коргогон. Акыркы жылдарда кыргыз улуттук социологияда - “иденттүүлүк” жана “иденттешүү” парадигмалык категория катары кеңири чечмеленүүдө[караңыз: 16,17,18,19].

Ошентип, азыркы кыргыз тарыхый, философиялык, социологиялык илимдерине дүйнөдө англис, немец, орус тилдеринде кеңиритараган илимий изилдөөлөр боюнча жарыялоолордун жыйынтыгы оң таасир эте баштаганы ачыктан-ачык болууда. Кийинки кезектерде “окшоштук”, “бирдейлик”, “кимдик” деген улуттук түшүнүктөрдүн ордуна “иденттүүлүк” жана “иденттешүү” деген аныктамалар парадигмалык категория катары кыргыз социология илиминде кеңири колдонулуп, теориялык жана сурамжылоо ыкмалары аркылуу изилдөөлөр жүргүзүлө баштады.

Ааламдашуу шартында иденттүүлүк жана иденттешүү маселелери абдан актуалдуу болууда. Булар жаңыдан бутуна тура баштаган кыргыз улуттук мамлекетинин гүлдөп-өнүгүшү үчүн негизги пайдубал боло алат. Мамлекетти жарандык, этникалык, маданияттык, диний жана жаштардын иденттүүлүгү жана иденттешүүсү аркылуу чыңдоо, өзгөртүү, ар тараптан өнүктүрүү стратегияларын аныктоо, тактоо маанилүү кадамдардын бири болуп саналат. Бүгүнкү күндө дайыма өзгөрүлүп жаткан кыргыз коомун изилдеп, анын өнүгүү божомолун тактап, аныктап туруу кыргызстан окумуштууларынын орчундуу маселеринин бири. Коомдун ар тараптуу өзгөрүшү экономикалык, философиялык, социологиялык, социалдык изилдөөлөрдү талап кылат. Ошого карата коомдогу негизги компоненттер же адамдардын өнүгүшү үчүн алардын кызыкчылыктарынын биримдиги абдан маанилүү. Жалпы же окшош кызыкчылыктар бир мамлекетте жашагандыктан алардын жарандыкка, этникалык катаандык сезимдери, социомаданий таандык сезими, диний жана жаштарга таандык иденттештүүлүк бүгүнкү күндүн талабына ылайык изилдениши абзел.

Совет доору советтик адам иденттүүлүгүн аныктап, өзүнүн доору үчүн стандартташтырылган адамдын тибин жаратаалса, бүгүнкү күндө заманбап мамлекеттин жарандык иденттүүлүгүн түзүү, аныктоо илимий зарыл маселелердин бири болуп саналат.

Ааламдашуу шартындаар түрдүү улуттардын, мамлекеттердин, коомдордун негизги милдетижаңы көз карашменен коомду тануу жана таанытуу, кыргыз коомчулугуна байланыштуу иденттүүлүктү илимий жактан жаңы пикирлерди жаратуу, калыптандыруу, кыргыз коомчулугунун иденттүүлүгүн жана иденттешүүсүн аныктоо бүгүнкү күндүн эң орчундуу маселелеринен.

Ааламдаштыруу жана цивилдер баарлашуу шартында Кыргызстандыктар өздөрүнүн улуттук жарандык, этникалык, социомаданий, жаштар жана дин иденттүүлүктөрүн аныктап, коомдун кийинки өнүгүү стратегиясын түзүү милдети турат. Жарандык

идентүүлүк аркылуу жарандардын мекенчилдик сезимин биле алсак, этникалык идентүүлүк аркылуу Кыргызстанда жашаган элдердин өздөрүнүн түпкү тарыхын, тектик идентүүлүгүн, өздөрүнүн каада-салтын, үрп-адатын, этнос катары өздөрүнүн тиешелүү этникалык мүнөздөмөсүн тактоо абзел. Ошол элеучурда Кыргызстандыктар бир өлкөдө, бир коомдо жашап жаткандыктан социалдык жашоо-шарттары дээрлик бири-бирине окшош. Социалдык тиричиликтен социомаданий маанай пайда болот. Социомаданий маанайды аныктоо аркылуу Кыргызстандыктардын маданий деңгээлин, социомаданий идентүүлүгүн аныктоо аркылуу элдин маданий өсүү мүмкүнчүлүгүн билүүгө болот. Ал эми диний идентүүлүк азыркы учурда бүткүл дүйнөдө өтө актуалдуу маселелердин бири. Учурда Кыргызстандыктар диний идентүүлүгү боюнча өздөрүн кандай таанытышат жана канчалык деңгээлде диндеги эрежелерди билишет жана тутунушат. Мунун баары акыры бирдиктүү кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн чыңдоого, жалпы жарандыктын негизинде этностук таандыгына карабастан мамлекеттик тил аркылуу өз мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашырууга жана **улуттук мамлекет,** жаран-мамлекет, жаран-улут дегенжаңы түшүнүктөр менен эркиндикте жашоого шарт түзүлмөкчү. Бул Кыргыз Республикасынын жаркыраган келечеги!

**Адабияттар:**


1. The SAGEH and book of IDENTITIES/ London ECIY ISP, - PG 27.
2. Шпенглер О. Закат Европы. Очерки морфологии мировой истории. I. Том. Гештальти действительность, Москва. «Мысль» 1993, 663 стр.II том. Всемирно-истоиические перспективы. Москва«Мысль» 1998, 606 стр.
3. ФукуямаФ.Конец истории и последний человек. Б.М. Левин, Перевод с англ., М. FrttPress/ 2004
4. Валлерстайн И. Конец западного мира. Социология XXI века. Пер.с англ.Науч. Ред. В.Л. Иноземцева –М. Логос, 2003. - 368 стр.
5. Хантингтон С. Сталкновение цивилиаций /Пер. с англ.Т. Велимеева. – М.: АСТ: М., 2006-571 стр.
6. Кеннеди П. Вступая вдвадцатьпервый век. Пер.с англ. /Предисл. В. Согрина – М.:Издательства“Весь Мир”, 1997-480 стр. (Серия: XXI век)
7. Бъюкенен П. Дж.Смерть Запада Пер. с англ. С. Башкирова –М. –АСТ М., 2004. -444 стр.
8. Зиновьев А.А. Запад. –М.: Издательство Алгоритм, Из-тво Эксмо, 2007.- 512 стр.
9. Неменский О. “Евроцентризм” сВостока Москва // АПН: Агенствополитических новостей // http //www.apn.ru/publications
10. Хесла В. Кризис индивидуальной и коллективной идентичность // Вопросы философии. 1994, - № 10
11. Өнүгүүнүн кыргыз жолу. Багыттама (Концепция) Б. 2013. 78 б.
12. 2013-2017 – жылдардын мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. - Б. 2013, 119 бет.
13. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо Концепциясы. − Бишкек. 2013. 23 б.
14. Абылгазиева А.К., Богатырев В.Б, Курманов З.К., Горборукова Г.П. История идентичности: Кыргызкая Республика. Пер. И.Мамытова, И.Писаренко. - Б: 2007-273 стр.
15. Жусупбеков А.Этническая идентичность номадов. − Бишкек. Илим, 2009-265 стр.
16. ИсаевК. Гражданское общество и процессы социальной идентификации. - стр. 40-53. В кн.: Гражданское общество и социальный прогресс в XXI веке. Материалы 2-го Конгресса социологов тюркоязычных стран итретьего Конгресса социологов Казахстана-Алматы, 2008. -577 стр.
17. Исаев К. Особенности идентичности жителей постсоветского Кыргызстана // Социсс. Москва, 2009, №5. - 91-94.
18. Исаев К. Түрк цивилин калыптандыруудаиденттештирүүнүн мааниси жөнүндө. //ИА. Философия жана саясый – укуктук изилдөөлөр Институтунун ЖАРЧЫСЫ Бишкек. − №1. 2013
19. Исаев К. Жарандык иденттештирүү - мамлекетти бекемдөөнүн булагы. - Бишкек. 2014
20. Китеп «Закат Европы» деп аталат. Кыргызча-орусча сөздүктө «Закат» деген сөз эки мааниде: 1. батуу; на закате күн батарда; 2. Перен. өмүрдүн акыры, өлөргө аз калганда, күнү бүтүп калганда –деп түшүндүрүлгөн (Орусча –кыргызча сөздүк. 205 бет. К. К.Юдахиндин редакциясы алдында 51000 сөз. Чет жана улут сөздүктөрүнүн мамлекеттик басмасы. Москва-1957.